**2019-2020-окуу жылында Осмон Айбашов атындагы орто мектебинин окуучуларынын өмүрүнүн коопсуздугун сактоо, кылмыштуулуктун алдын алуу, тартип бузууларга жол бербөө ж-а КР нын 25.06.2005-жылдагы «Кыргыз Республикасында укук бузуулардын алдын алуу жөнүндөгү» № 82 мыйзамынын талаптарына ылайык, КР нын Билим берүү жана илим министрлигинин 14.08. 2017. №1065/1, КР нын Ички иштер министрлигинин 14.08.2017. №639, КР нын Саламаттыкты сактоо министрлигинин 17.08. 2017. №719, КР нын Коргонуу иштери боюнча мамлекеттик комитети 17.08.2017. № 431, КР нын Эмгек ж-а социалдык өнүгүү министрлигинин 17.08. 2017. №52, КР нын Маданият,маалымат ж-а туризм министрлигинин 17.08. 2017-ж. № 344, КРнын Өкмөтүнө караштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери ж-а этностор аралык мамилелер мамлекеттик агенттигинин 17.08.2017. № 01-178, КРнын Өкмөтүнө караштуу жаштар иштери, дене тарбия жана спорт мамлекеттик агенттигинин 17.08. 2017. № 302-Н буйруктарын аткаруу максатында мектеп админстрациясы, класс жетекчиси, 9<sup></sup>б класстын окуучулары жана ата-энелери менен түзүлгөн**

# КЕЛИШИМ.
## Тараптардын милдеттери.

### *I тарап. Мектеп админстрациясы, класс жетекчиси.*

1). Жогоруда көрсөтүлгөн буйруктардын так аткарылышын камсыз кылуу, ата-энелер чогулуштарын өткөрүп, буйруктар м-н тааныштыруу ж-а түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

2). Окуучулар, ата-энелер менен тыгыз байланышта иш алып барууга, бардык мыйзамсыз уюшма-отуруш, шерине, туулган күн, табиятка экскурсия-жүрүштөр, жашы жете элек балдардын авто унааларды айдоосуна, мектепке мобилдик телефондорду алып келүүгө, рекетчилик, зордук-зомбулукка жол бербөө.

3). Мугалимдерден түзүлгөн түнкү жана кооптуу күндөрү рейддерди уюштуруу жана кароосуз жүргөн балдарды учетко алуу, түшүндүрүү иштерди жүргүзүү жана чара көрүү.

4). Окуучулардын тартибине, тазалыгына, сабактарга катышуусуна көзөмөлдүк кылуу, кабыл алынган бирдиктүү окуучулук форма менен келүүлөрүн камсыз кылуу. Техникалык коопсуздукту сактоо ж-а табигый кырсыктардан сактануу, алдын алуу иштерин жүргүзүү.

5). Эгерде тыйуу салынган, мыйзамсыз иш-чаралар уюштурулуп, тартип бузуулар катталса чара көрүп, тиешелүү органдарга билдирүү. Ата-энелер тарабынан болгон сунуштарга, даттанууларга, наразычылыктарга ж.б. бардык маселелер боюнча жооп берүү.

6). Мугалимдер же класс жетекчилер тарабынан акча жана башка чогултуулар, окуучуларга моралдык-психологиялык жактан кысым көрсөтүү фактылары аныкталса кызматтан бошотулуп, иши укук коргоо органдарынын кароосуна өткөрүлүп берилет.

### *II тарап. Ата – Энелер*

1). Окуучуларды сабактарынан, өз убагында мектепке кабыл алынган бирдиктүү окуучулук форма, окуу куралдары менен камсыз кылып мектепке үзгүлтүксүз жиберип туруу.

2). Оокуучулардын уюшма-отуруш, шерине, туулган күндөрдү уюштурууга, табиятка экскурсия-жүрүштөрдү жасоого, жашы жете элек балдардын автоунааларды айдоосуна, окуучулардын мектепке мобилдик телефондорду алып келип, пайдалануусуна жол бербөө.

3). Окуучулар же ата-энелер мыйзамсыз түрдө акча чогултуп, мугалимдерге, класс жетекчисине белектерди берүүгө, мектепте стол уюштуруп, дасторкон жайууга жана спирт ичимдиктерин пайдаланууга тыюу салынат.

4). Балдарын түнкүсүн көчөгө чыгарбоого, мектептен тышкары убакта көзөмөлдүккө алып, кароосуз калтырбоого, окуу шарттарын түзүп берүүгө, ата-энелер чогулуштарына үзгүлтүксүз катышууга милдеттүү.

5). Эгерде Ата энелер тарабынан иш чаранын аткарылышына көңүл кош мамиле жасалып, тартип бузууларга жол берген ж-а мыйзамсыз иштерди уюштуруп берген ата- энелер тиешелүү органдарга билдирилет жана жоопко тартылат.

## *III тарап. Окуучулар.*

1). Ар бир окуучу өзүнүн жекече жүрүм-турумуна, мектепте, коомдо, үйдө тартип бузууга, уурулукка, алдамчылыкка, рекетчилик кылууга, тамеки, насвай ж.б. банги заттарды, спирт ичимдиктерди пайдаланууга, уюшма-отуруш, шерине, туулган күн, өз алдынча экскурсия, жүрүштөрдү уюштурууга, авто унааларды айдоого, мобилдик телефондорду мектепте пайдаланууга, мектептен, үйдөн тышкары түнкүсүн көчөдө жүрүүгө тыюу салынат.

2). Сабактарды себепсиз калтырбай, кечигүүсүз, мектеп формасы менен сабакка келүүгө, коомдук, маданий-массалык жана спорт иш чараларына активдүү катышып, мектептин айлана-чөйрөсүн, окуган классын таза сактоого, сыйлоого милдеттүү.

*Бул келишимде каралган маселелер үч тараптын катышуусу менен жөнгө салынат. Келишим 3 нускада түзүлүп, биринчи мектеп администрациясына, экинчи класс жетекчисине, үчүнчү ар бир окуучунун акта-энесине берилет.*

**Буйруктар жана милдеттер менен тааныштым, аткарылышын колдоого алам.**

| № | Ата-энелер | колу | колу | Окуучулар |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Баатырбек к Айгул | | | Адилбек кызы Нургул |
| 2 | Сатарова Жылдыз | | | Арипжан кызы Аруукe |
| 3 | Токтогулова А | | | Бактыбек кызы Медина |
| 4 | Амаралиева Элнура | | | Баркытабас кызы Альбина |
| 5 | Сотоболдиева Бурул | | | Бекзат кызы Акак |
| 6 | Сарман к Айнура | | | Бердигул уулу Апсамат |
| 7 | Ниязова Калтоогул | | | Дактыбек уулу Эркинбек |
| 8 | Жанузакова Назгул | | | Жанузакова Кундуз |
| 9 | Ормушова Жылдыз | | | Жумабекова Бермет |
| 10 | Адамалиев Жумагул | | | Жумагул уулу Арген |
| 11 | Ниязмамбетова Жыпар | | | Ишенбекова Гулкан |
| 12 | Аскулаков Карыбек | | | Калыбек уулу Айкожо |
| 13 | Абдыкадыров Конурбек | | | Канатбек уулу Акылбек |
| 14 | Нурмамбетов М | | | Майрамбек уулу Калыс |
| 15 | Абдыраимов. | | | Муратбек кызы Айгерим |
| 16 | Балбаева Курманбубу | | | Нурлан уулу Эрсултан |
| 17 | Мамбеталиев Айбек | | | Рамазанова Альбина |
| 18 | Шамыров Э. | | | Сакинов Арлен |
| 19 | Мыктыбекова Сайрагул | | | Сапаров Баяман |
| 20 | Мендулатова Назира | | | Таалайбек кызы Гулнур |
| 21 | Асматбеков Талант | | | Талант уулу Калыс |
| 22 | Жунушова А | | | Тилекбек кызы Ырыскул |
| 23 | Маткеримова А | | | Томобек уулу Даниэль |
| 24 | Момунамиев А | | | Туратбек кызы Айдай |
| 25 | Садыкова Мамура | | | Чынарбек уулу Салават |
| 26 | Исраев Жыргалбек | | | Элмилова Жанылмырза |
| 27 | Эсенгулов Мирлан | | | Эсенгулова Бегайым |
| 28 | Айдарова Гулфан | | | Эсенбек уулу Жеңишбек |
| | Класс жетекчиси: | | | Г. Казыбекова |
| | Тарбия иштерин уюштуруучу: | | | Т. Айбашов |

«____»- сентябрь 2019-жыл.